ОшМУнун математика жана информациялык технологиялар факультетинин
Окумуштуулар Кеңешинин кезектеги жыйынынын

**№3 ПРОТОКОЛУ**

*10-декабрь, 2018-жыл.*

*Төрага:* У.А. Сопуев
*Окумуштуу катчы:* Н.А. Абдирайимова
*Катышкандар*: Окумуштуулар Кеңешинин мүчөлөрү – 29 мүчөсүнөн 27 мүчөсү бар. Кворум бар (каттоо барагы тиркелет).

*Күн тартиби:*

1. МИТ факультетинин бакалавр багыттарын жана магистр программаларын программалык аккредитациядан өткөрүү боюнча иш-планын талкуулоо жана бекитүү (баяндамачы: комиссия, программа жетекчилери);
2. Квалификациялык иштердин темаларын бекитүү (баяндамачылар: кафедра башчылары, методикалык кеңештин жетекчиси, академиялык кеңешчилер);
3. Ар түрдүү маселелер.

**Угулду**: МИТ факультетинин деканы У.А. Сопуев күн тартиби боюнча каралуучу маселелер менен тааныштырып, колго салды.
Окумуштуулар Кеңеши бул сунушту бир добуштан колдошту. Регламент боюнча 1-маселеге ар бир программа жетекчилерине 7-10минутага чейин убакыт, ал эми талкууларга 5 минутага чейин убакыт берүү сунушу түштү. Сунуш толугу менен колдооого алынды.

**1-маселе**
**Угулду:**

*Сопуев А. (Программалоо кафедрасынын башчысы, профессор)*: биздин кафедрага тиешелүү болгон бакалавр багытында 3 программа жана магистр багытында 1 программа бар: ИСТ, ПОВТАС жана КЛ – бакалавр багыты, ИСТ – магистр багыты. Бул программалар боюнча жумушчу топ түзүлүп, алар тиешелүү иштерди жүргүзүп жатышат.

2017-2018-окуу жылында кеңири форматта ата-энелер менен жолугушуу өткөрүлгөн жана андан башка да иш-чаралар тынымсыз өткөрүлүп жатат. Андан сырткары отчет даярдалып жатат.

**Сөзгө чыкты:**

*Сопуев У.А. (факультеттин деканы, доцент):* аккредитацияга даярдык боюнча көмөк көрсөтүп берсеңиз деген сунушум бар эле.
*Баяндамачы:* макул, январь айында семинар өтүп берем.

*Чамашев М.К. (ИТАС кафедрасынын башчысы, доцент):*
ИТАС кафедрасы 2 программа боюнча аккредитацияга даярданып жатабыз. Ал үчүн беш пунктан турган иш-план иштелип чыккан. Ага жумушчу топ түзүлгөн, буйруктар чыгарылган. Андан сырткары сырткы жана ички мобилдүүлук боюнча бир нече иштер аткарылып жатат. Ички мобилдүүлук боюнча 8 мугалим Бишкек, Талас ж.б. шаарларында командировкага барып келишти. Аккредитацияга даярдык жакшы.

**Сөзгө чыкты:**
*Сопуев У.А. (факультеттин деканы, доцент):* аккредитацияга даярдык кандай болуп жатат, отчетту жаза баштадыңыздарбы?
*Баяндамачы:* кафедра менен кеңешип көрүшүбүз керек.

*Ободоева Г.С. (Информатика кафедрасынын башчысы, доцент)*: Информатика кафедрасы бакалавр, магистр багыттары боюнча иш алып барып жатабыз. Аккредитацияга өтө зарыл болгон пункттарга токтолоюн.
1) Анкетирлөө; 2) Анкетирлөө үчүн анализ жүргүзүү жана толуктоо; 3) Окуу программасына тиешелүү иш-чараларды иштеп чыгуу; 4) Анын сапатына анализ жүргүзүү; 5) Өздук баалоону жүргүзүү.

**Сөзгө чыкты:**
*Сопуев А. (Программалоо кафедрасынын башчысы, профессор)*: магистратура боюнча программа жетекчилери кимдер?
*Баяндамачы:* колдонмо информатика адистиги боюнча К. Ободоева, колдонмо математика адистиги боюнча Б. Азимов.
*Сопуев У.А. (факультеттин деканы, доцент):* 2019-20-окуу жылында аккредитациядан өтүүгө дарясыздарбы?
*Баяндамачы:* жетишпейбиз, бирок графигин аныктоо планын коюп иш жүргүзүп жатабыз.

*А.Д.Аттокурова (МИОМ жана ББМ кафедрасынын башчысы, доцент)*: Аккредитациядан өтүү оңой-олтон иш эмес экендигин сездик. Физика-математика багытын аккредитациядан өткөрүү милдети турат. Октябрь айында "Программанын НББП талкуулоо" деген темада жолугушуу өткөрдүк. Аккредитациядан өтүүнү 2019-20-жылга пландаштырып жатабыз.

**Сөзгө чыкты:**
*Сопуев А. (Программалоо кафедрасынын башчысы, профессор)*: кайсыл агенттикке арыз беребиз деп жатасыздар?
*Баяндамачы:* Ednet агенттигине беребиз деп ойлоп жатабыз.
*Ободоева Г.С. (Информатика кафедрасынын башчысы, доцент)*: агенттиктер тендерге коюлуп, ошол тендерден өткөн агенттикке заяка берилеби?
*Сопуев А.*– ооба, тендерден өткөн гана агенттиккке гана арыз бере алабыз.

*Папиева Т.М. (Алгебра жана геометрия кафедрасынын башчысы, доцент)*: эки багыт боюнча бүтүрүүчү кафедра болуп эсептелинебиз. НББП иштелип чыккан ички жана сырткы стейкхолдерлер менен иш жүргүзүлүп жатат. Апрель айына тегерек стол өткөрүүнү пландаштырып жатабыз.

**Сөзгө чыкты:**
*Сопуев А. (Программалоо кафедрасынын башчысы, профессор)*: матанализ кафедрасы силерге кошулабы, программа жетекчиси ким?
*Баяндамачы:* ооба, матанализ кафедрасы бизге кошулат.
*Сопуев У.А. (факультеттин деканы, доцент):* Өздук отчетту качан баштайсыздар жана качан аккредитациядан өтөбүз деп жатасыздар?
*Баяндамачы:* Отчетту даярдап жатабыз. 2019-20-окуу жылында өтөбүз деп пландаштырып жатабыз.

Биринчи маселе боюнча программа жетекчилеринин маалымдоолорун талкуулоонун жана аны негизинен жактыруу керек деген сунуштардын негизинде МИТ факультетинин Окумуштуулар Кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. МИТ факультетинин бакалавр багыттарын жана магистр программаларын программалык аккредитациядан өткөрүү иштери жандандырылсын;
2. 2019-жылдын 25-январына бардык дисциплина боюнча ОМКлар даярдалсын;
3. Р. Ойчуевага ата-энелер чогулушун өткөрүү жүктөлсүн;
4. 2019-жылдын 10-11-январында аккредитациялоо процедуралары боюнча семинар өтүлсүн.

**2-маселе**

**Угулду:**

Экинчи маселе боюнча декандын окуу иштери боюнча тех.и.к., доцент Кудуев А.Ж. билдирүү жасады.

Окумуштуулар Кеңешинин төрагасы, доцент Сопуев У.А. билдирүүнү колго салуу сунушун киргизди.

Окумуштуулар Кеңеши бир добуштан колдошту.

**ЧЕЧИМ:**

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2003-жылдын 17-декабрында №1069/1 – буйругу менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүнүн Мамлекеттик аттестациясынын жыйынтыгы жөнүндөгү” Жобосуна ылайык 2018-19-окуу жылына Ош мамлекеттик университетинин математика жана информациялык технологиялар факультетинин күндүзгү жана дистанттык бөлүмүнүн квалификациялык, магистрдик иштеринин темалары, илимий жетекчилери бекитилсин.

**3-маселе**

**Ар түрдүү маселелер:**

а) Программалоо кафедрасынын доцентинин милдетин аткаруучу Аркабаев Н.К. жана профессор П.С.Панков тарабынан иштелип чыккан “Информатика боюнча олимпиадалык маселелер жыйнагы” колдонмосун, ошондой эле Н.К. Аркабаев жана И.Б.Кошмурзаев тарабынан даярдалган «Решение олимпиадных задач по информатике» аттуу колдонмосун басмага сунуштоо жөнүндө.

Бул маселе боюнча аталган кафедранын кеңешмесинде каралып, андан соң факультеттин методикалык кеңешмесинде талкуулангандыгы жөнүндө тиешелүү документтер келип түшкөн. Мындан сырткары окуу-усулдук колдонмолорго сырттан жана ичтен сын-пикирлер алынган. Тиешелүү материалдар тиркелген.

Ошондуктан бул окуу-усулдук колдонмолорду басмага берүү сунушун кийирет элем.

Окумуштуулар Кеңешинин мүчөлөрү бул сунушту бир добуштан колдошту.

**ЧЕЧИМ:**

1. Программалоо кафедрасынын доцентинин милдетин аткаруучу Аркабаев Н.К. жана профессор П.С.Панков тарабынан иштелип чыккан “Информатика боюнча олимпиадалык

маселелер жыйнагы” колдонмосун, ошондой эле Н.К. Аркабаев жана И.Б.Кошмурзаев тарабынан даярдалган «Решение олимпиадных задач по информатике» аттуу колдонмосун басмага сунуштоо жактырылсын;
2. Бул сунушту колдоп берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар Кеңешинен суралсын.

б) МИТ факультетинин математикалык анализ кафедрасынын аспиранттары Орозов Максатбек Өмүрбекович, Сулайманов Завур Мамадалиевич, Омаралиева Гулбайра Абдимиликовналардын, Эрмекбаева Айжан Турдубековналардын жана МИОТ жана ББМ кафедрасынын аспиранттары Абдукаимова Арапат Жолиевна жана Ажиматова Эльмира Жумабаевналардын, жана программалоо кафедрасынын аспиранты Турганбаева Акпарилердин 2017-2018-окуу жылы үчүн илимий отчетторун кароо.

*Сопуев У.А. (факультеттин деканы, доцент):* бул маселелер боюнча тиешелүү кафедралардын кеңешмесинде каралып, кафедра мүчөлөрү тарабынан талкуулангандыгы жөнүндө билдирүү келип түшкөн. Тиешелүү документтер тиркелген.

Аспираттар М. Орозов, З. Сулайманов, Г. Омаралиева, А. Эрмекбаева, А. Абдукаимова, Э. Ажиматова жана А.Турганбаевалардын илимий-изилдөө иштери боюнча ар бири өзүнчө кыска баяндамаларды жасашкан.

Ошол себептен бул сунушту МИТ факультетинин Окмуштуулар Кеңешинин мүчөлөрүнөн колдоп берүүңүздөрдү суранам.
Окумуштуулар Кеңеши бул сунушту бир добуштан колдошту.

**ЧЕЧИМ:**

1. Аспиранттар М. Орозов, З. Сулайманов, Г. Омаралиева, А. Эрмекбаева, А. Абдукаимова, Э. Ажиматова жана А.Турганбаевалардын 2017-2018-окуу жылы үчүн илимий отчеттору канааттандырарлык деп табылсын.
2. Аспираттар М. Орозов, З. Сулайманов, Г. Омаралиева, А. Эрмекбаева, А. Абдукаимова, Э. Ажиматова жана А.Турганбаевалар аттестациядан өттү деп эсептелинсин.

в) ИТАС кафедрасынын улук окутуучусу Г.И. Сейитказыеванын илимий ишинин темасын жана илимий жетекчисин өзгөртүү жөнүндө
*Сопуев У.А. (факультеттин деканы, доцент):* бул маселе боюнча 2018-жылдын 10-декабрында алгебра жана геометрия кафедрасынын №5 кеңешмесинде каралып, кафедра мүчөлөрү тарабынан талкуулангандыгы жөнүндө билдирүү келип түшкөн. Тиешелүү документтер тиркелген.

Бул диссертациялык жумушка илимий жетекчи болууга алгебра жана геометрия кафедрасынын, макулдугун берген. Г.И. Сейитказыеванын “Евклиддик 5-ченемдүү мейкиндикти берилген 3-ченемдүү бөлүштүрүү тарабынан жаратылган бөлүктөп чагылтуунун геометриясы” деген кандидаттык диссертациясынын темасын жана диссертациялык жумушка илимий жетекчи катары ф.-м.и.д., профессор Г. Матиеваны бекитип берүү сунушун киргизем.

Окумуштуулар Кеңешинин мүчөлөрү бул сунушту бир добуштан колдошту.

**ЧЕЧИМ:**

1. Г.И. Сейитказыеванын “Евклиддик 5-ченемдүү мейкиндикти берилген 3-ченемдүү бөлүштүрүү тарабынан жаратылган бөлүктөп чагылтуунун геометриясы” деген кандидаттык диссертациясынын темасы бекитилсин;
2. .И. Сейитказыеванын диссертациялык жумушуна илимий жетекчи катары ф.-м.и.д., профессор Г. Матиева бекитилсин;
3. Бул чечимди бекитип берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар Кеңешинен суралсын.

г) Алгебра жана геометрия кафедрасынын доценти Н.Н. Курбанбаеваны Кыргыз Республикасынын Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн “Ардак грамотасы” менен сыйлануусун сунуштоо жөнүндө.

Факультеттин деканы, доцент У. Сопуев - бул маселе боюнча кафедранын кеңешмесинде каралып, кафедра мүчөлөрү тарабынан талкуулангандыгы жөнүндөкафедранын кеңешмесинин протоколунан көчүрмө келип келип түшкөн. Тиешелүү документтер тиркелген.

Мен алгебра жана геометрия кафедрасынын доценти Курбанбаева Нуржамал Нажимидиновна Кыргыз Республикасынын Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн “Ардак грамотасы” менен сыйланууга татыктуу деп эсептейм.

Ошондуктан, Кыргыз Республикасынын Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн “Ардак грамотасы” менен сыйланууга сунушун кийирет элем.

Окумуштуулар Кеңешинин мүчөлөрү бул сунушту бир добуштан колдошту.

**ЧЕЧИМ:**

1. Ош мамлекеттик университетинин математика жана информациялык технологиялар факультетинин алгебра жана геометрия кафедрасынын доценти, физика-математика илимдеринин кандидаты Курбанбаева Нуржамал Нажимидиновнаны Кыргыз Республикасынын Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн “Ардак грамотасы” менен сыйланууга сунушталсын.

2. МИТФнин алгебра жана геометрия кафедрасынын доценти Н.Н. Курбанбаеванын Кыргыз Республикасынын Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн “Ардак грамотасы” менен сыйлоо сунушун колдоп берүү жагы ОшМУнун ректоратынан суралсын.

Окумуштуулар Кеңешинин

төрагасы: Сопуев А.У.

Окумуштуу катчы: Абдирайимова Н.А.